ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVIII (он сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-июлу №86/ XVIII -29** **Алмалуу айылы**

**«Ысык-Ата» муниципалдык ишканасынын калктуу конуштардан жана дачалык конуштардан коммуналдык калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча тарифин бекитүү жөнүндө**

«Ысык-Ата» муниципалдык ишканасынын калктуу конуштардан жана дачалык конуштардан коммуналдык калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча тарифин бекитүү тууралуу кайрылуусун карап чыгып, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын, 2023-жылдын 12-октябрындагы №187 мыйзамынын 34-беренесинин, 11-пунктусунун, 2-бөлүкчөсүнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 15-августундагы №181 "Өндүрүштүк жана керектөө калдыктары жөнүндө" мыйзамынын 6-беренесинин, 5-пунктусунун; 31-беренесинин 6-пунктусунун негизинде, «Ысык-Ата» муниципалдык ишканасынын калктуу конуштардан жана дачалык конуштардан коммуналдык калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча тарифтерин төмөндөгүдөй бекитүүгө макулдук берилсин;
2. Калктуу конуштардын жана дачалык конуштардын жашоочулары үчүн коммуналдык калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча тариф **ар бир катталган (пропискасы бар) жашоочуга айына 50 (элүү) сом** өлчөмүндө бекитилсин;
3. Коммерциялык багыттагы жана муниципиалдык объекттер үчүн коммуналдык калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча төмөнкү тарифтер бекитилсин:

- чакан коммерциялык объекттер жана муниципиалдык объекттер үчүн 1 чарчы метрден 50 чарчы метрге– **айына 500 (беш жүз) сом**;
- орто жана ири коммерциялык объекттер үчүн 50 чарчы метрден 100 чарчы метрге– **айына 1000 (бир миң) сом**;

4. «Ысык-Ата» муниципалдык ишканасына бекитилген тарифтерди колдонуу, кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана төлөмдөрдүн өз убагында чогултулушун камсыз кылуу «Ысык-Ата» муниципалдык ишканасынын жетекчисине тапшырылсын;
5. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн;

6. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кенешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**